*Бургоева А.Н.*

# ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК БАЛДАРДЫН КЫЛМЫШТУУЛУГУН БАШТАПКЫ АЛДЫН АЛУУ

*Бургоева А.Н.*

# РАННЯЯ ПРОФИЛАКТИКА ПРЕСТУПНОСТИ НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНИХ ДЕТЕЙ

*A.N. Burgoeva*

# EARLY PREVENTION OF CRIME FOR MINOR-CHILDREN

*УДК: 343.851.5*

*Макалада жашы жете элек балдардын кылмыштуулугунун баштапкы алдын алуу түшүнүгү, максаты көйгөйлөрү жана башка алдын алуу чараларынан айырмачылыгы жана артыкчылыгы боюнча баяндалат. Ошондой эле, балдардын кылмыштуулугун баштапкы алдын алуу боюнча иш жүргүзгөн субъектилердин аткарган иш милдеттери жана алардын иш жүзүндөгү орду жазылган. Мындан сырткары, балдардын кылмыштуулугуна каршы күрөшүү ишмердүүлүгүнө караганда, аны келип чыгуусун болтурбоо маанилүү экендиги жазылган. Анткени, коомдорун алган кесепеттерди болтурбоо үчүн алардын баштапкы келип чыгуу себебин аныктап, жоюу боюнча алдын алуу натыйжалуу иш аракет деп эсептөөгө болот. Автор макаланын жыйынтыгында баштапкы алдын алуу чарасын эффективдүүлүгүн арттыруучу критерийлерди белгилеп көрсөткөн. Натыйжада, жаш балдардын кылмыш аракеттерине эле эмес, ага чейинки жалпы эле укукка жат жосундарга барууга бөгөт коюуга боло тургандыгын аныктасак болот.*

***Негизги сөздөр**: жашы жете элек балдар, социалдык көзөмөл, көйгөй, кылмыштуулук, баштапкы алдын алуу, чаралар, кылмыштар.*

*В данной статье предусмотрены понятие, цель и проблемы ранней профилактики преступности несовершеннолетних детей, а также отличия и особенности от других меры предупреждение. Также рассмотрены обязанности субъектов и их функции при ранней профилактике преступности несовершеннолетних детей. Кроме этого, чем проводить борьбу с преступностью несовершеннолетних, основным является его профилактика. Потому что предотвращать имеющееся место в обществе преступлений, нужно определить первоначальную причину возникновения, профилактика по предотвращению является более эффективным действием. В результате автор в итоге статьи указал усиливающие критерии и меры по ранней профилактике. В итоге можно определить не только преступность несовершеннолетних, но и можно запретить аморальное действие несовершеннолетних детей.*

***Ключевые слова:** несовершеннолетние дети, социальный контроль, проблема, преступность, ранняя профилактика, преступления.*

*This article provides the concept, purpose and problems of early prevention of juvenile delinquency, as well as differences and peculiarities from other preventive measures. The duties of the subjects and their functions in the early prevention of juvenile delinquency are also examined. In addition, the fight against juvenile delinquency, the main is its prevention. Because to prevent an existing place in a society of crimes, it is necessary to define the initial reason of occurrence, prevention on prevention is more action that is effective. As a result, the author because of the article indicated reinforcing criteria and measures for early prevention. As a result, it is possible to determine not only juvenile delinquency, but also the immoral effect of minor children can be prohibited.*

***Key words:** minor children, social control, problem, crime, early prevention, crime.*

Жашы жете элек балдардын кылмыштуулугун алдын алуу деген – бул мамлекеттик жана муниципалдык органдардын, мекеме, уюмдардын, коомдук бирикмелердин жана жарандардын кылмышты болтурбоого багытталган иш чараларынын жыйындысын айтабыз. Бирок, кылмыштуулукту болтурбоону алдын алуу эле эмес, коомдогу баардык укукка каршы аракеттерди жасоону болтурбоону алдын алуу керек. Ошондо гана, коомдогу кылмыштуулуктун алдын алууга мүмкүн болот. Криминология илимине негизделсек кылмыштуулукту алдын алуу төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт: кылмыштуулукту баштапкы алдын алуу, түздөн-түз алдын алуу жана рецидивистердин кылмыштулугун алдын алуу [1].

Жогоруда аталган жашы жете элек балдардын укук бузууларына алдын алуу түрлөрүнүн ар бири коюулган максатка жетүүдө натыйжалуулугу жана ар түрдүүлүгү менен негизги орунду ээлейт. Түздөн түз жана рецидивистердин кылмыштуулугун алдын алуу түрлөрү, атайын тиешелүү субъектилер тарабынан, мыйзамда көрсөтүлгөн нормаларды бузгандыгы үчүн кайталап кылмыш жасоону болтурбоо ишмердүүлүктөрүн жүргүзүлүүсү эсептелет. Бирок кылмыштуулукту баштапкы алдын алуу түрү, башка алдын алуу түрлөрүнө караганда маанилүү орунду ээлейт. Анткени, кылмыштуулукту баштапкы алдын алуу иш чаралары толук, талапка ылайыктуу жүргүзүлбөгөндүгүнөн түздөн-түз жана рецидивистердин кылмыштуулугун алдын алуу ишмердүүлүгү келип чыгат. Ошондуктан, кылмыштуулуктун баштапкы алдын алуу ишмердүүлүгү менен мамлекеттин, коомдун ар бир жараны жашы жете электердин укук бузуулары менен каршы күрөшүү зарыл [1].

Жашы жете элек балдардын кылмыштуулугун баштапкы алдын алуучаралары бул комплекстүү ишмердүүлүк, башкача айтканда, жашы жете элек баланын инсандыгына жана аны курчап турган чөйрөгө карата укук нормаларын (айрыкча кылмыш-жаза укук нормаларын) бузбоого таасир берген социалдык-тарбиялык, уюштурулган чаралар эсептелет [2].

Коомдун жана укук коргоо органдарынын эң баалуу алгылыктуу багыттагы ишмердүүлүгүнүн бири болуп – жашы жете элек балдар кылмыш аракеттерин жасаганга чейинки алардын укукка каршы жүрүм-турумун өз убагында алдын алууу эсептелет.

Жашы жете элек балдардын кылмыштуу жүрүмтурумун, кылмыштуулугун өз убагында (баштапкы) алдын алууда, алардын кылмыштуулугун гана алдын алууга багытталбастан, аны менен бирге административдик укук бузууларын, көзөмөлсүз калган балдардын, токсикамандардын, балдардын интелектуалдык өнүгүүсүндөгү, руханий жана нравалык баалуулуктарынын, укукка болгон аң сезимдүүлүгүнүн, мекенге болгон патриоттук пикирлеринин калыптануусундагы мүчүлүштүктөр боюнча да иш аракеттер камтылышы керек.

Аталган баштапкы алдын алуу иштери боюнча аткаруу бийлик органынын аймактык жана жер-жердеги ички иштер органдары төмөндөгү жагдайларга өзгөчө көңүл буруусу керек:

- ар бир жашы жете элек балдар боюнча индивидуалдык алдын алуу иштерин уюштуруу жана жаш өспүрүмдөрдүн иштери боюнча бөлүмдө каттодон турган адамдар менен өзгөчө иш жүргүзүү;
- укук бузууга тартылган өспүрүмдөрдү өз убагында аныктап, аларды каттоого алып тактап чыгуу;
- туура эмес тарбия менен коштолгон үй-бүлөлөрдөгү жана социалдык жат көрүнүштөрдө жүргөн өспүрүмдөр менен иш алып баруу менен жашы жете элек балдардын көзөмөлсүздүгүн жана укук бузууларын алдын алуу;
- жалпы пландык тартипте жүргүзгөн иш чаралардын (комплекстүү операцияларды, патурульдук иштерди, рейддерди ж.б.) эффективдүлүгүн жогорулатуу.

Аталаган иш чараларды жүргүзүүнүн жыйынтыгы төмөнкү деңгээлди көрсөтүүдө, анткени, мектептерде негизинен жалпы билим берүүдө күчөтүлгөн талап, балдардын окуудагы жетишкендиктерине гана көңүл бурулуп, алардын физикалык, патриоттук, руханий жана этикалык жактан тарбиялоо боюнча маселелерине жетишсиз көңүл бурулууда. Ошол себептен, кыйынчылыктуу криминалдуу баланы кайрадан тарбиялоого караганда, өспүрүмдү мыйзамчыл кылып тарбиялоо оңойго турат.

Жашы жете электердин укукка каршы аракеттерин өз убагында алдын алуу ишмердүүлүгүн, окуу жайлардагы социалдык педогогдор жана ички иштер органынын мектептеги инспекторлору түздөн-түз иш жүзүнө ашырышат. Аталган субьектилердин өз ара тыгыз байланышта иш алып баруусу, өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугун алдын алууга жигердүү салым кошот деп эсептесек болот.

Мектептердеги социалдык педогогдор менен инспекторлордун байма-бай өткөрүлгөн түшүндүрүү иштерин (укуктук сабактарды, төгөрөк столдорду, ар түрдүү жарыштарды ж.б.) жүргүзүп туруусу, өспүрүмдөрдүн криминогендик чөйрөлөрдөн алыс болуусун шарттап, администртивдик укук бузууларды жана кылмыштуу аракеттерди жасоого тыюу салат [2].

Бала төрөлгөндөн баштап, эгер ал келечекте мыйзамчыл инсан болуп калыптаныш үчүн, аны руханий-укутук маданияттын негизинде тарбиялоо керек.

Жашы жете элек өспүрүм албетте өзүнүн жаш курагында мыйзам деген эмне экендигин жетээрлик деңгээлде билип, түшүнө бербейт. Ошол себептен, алардын кандайдыр бир жагдайларда бир гана өзүн эмес, айланасындагыларга да зыян келтирбөөгө аңсезимин жеткизүү, чоң кишилердин тапшырмасы болуп эсептелет.

Ошондуктан жаш өспүрүмдүн кылмыштуулугун баштапкы алдын алуу ар бир ата-эненин жана педагогдун башкы максаты болуп, андыктан, балдардын өсүп-өнүгүү абалын жана алар үчүн эмне унутта калтырылганын көрүп жана байкап туруу зарыл.

Бүгүнкү күндө жаш өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугун баштапкы алдын алуу боюнча жашы жете электердин иштери жана алардын укуктары боюнча комиссия, калкты социалдык жактан коргоо органы жана мекемеси, билим берүү, саламаттыкты сактоо, ички иштер, камкорчу жана көзөмөлчү органдары жана жумуш менен камсыз кылуу кызматтары иш алып барышат.

Билим берүү мекемеси жашы жете элек балдардын кылмыштуулугун баштапкы алдын алуу чөйрөсүндө, өспүрүмдүн инсандык калыптануусун да жана анын жүрүм-турумунун руханий-психологиялык негиздеринде, үй-бүлө менен тең тайлаша статуска ээ орунду ээлейт.

Балдардын кылмыштуулугун баштапкы алдын алууда билим берүү мекемеси төмөнкү критерийлерди камтышы керек:

1. Педагогиканын зордук-зомбулуксуздугу. Эгерде билим берүү жаатында зомбулуксуз, позитивдүү мамиле менен байланышты түзүү окучуулардын арасындагы зомбулук кылмыштуулгун алдын алат, натыйжада пикир келишпестик көйгөйлөрү чечилет. Анткени, бала да өтө жаш курагында агрессивдүү жүрүм-турум пайда болот.

2. Педагогиканын бакубат өндүрүмдүүлүгү. Бул критерий жаш өспүрүмдөрдүн көпчүлүгү жасаган пайда табууну көздөгөн кылмыштуулуктарды алдын

алууга көмөк көрсөтөт. Анткени, келечектеги өз өндүрүмдүүлүгүн туура жолдун негизинде гана жетүүгө үйрөтөт.

3. Педагогика үй-бүлөнүн руханий-нравалык негизи. Бул критерий жаш муундардын жыныстык кылмыштуулуктан алдын алат, анткени, так ушул өсүп жетилүү курагында айрыкча кыздарда кооз кийинүү, жигиттер менен жыныстык мамиледе болуу кызыкчылыгы орундуураак болгондугун байкоого болот. Ушул жагдайда, педагогика жогоруда аталган кызыкчылыктардан башка баалуураак кызыкчылыктарга балдардын багытын буруу дегенди айгинелейт.

4. Педагогикадагы укуктук тарбия. Укуктук тарбия берүү деген бул – адамдагы укуктук аң-сезимдин калыпташына багыттаган ишмердүүлүк, укуктук маданияттын катышуучулары болгон жаштардын укукту сыйлоосу, ар кандай абалдагы керектөөлөргө жана адаттарга карата укук ченемдүү аракет жасоо керек экендигин түшүндүрөт [3].

Жашы жете элек балдардын кылмыштуулугун болтурбоо үчүн тиешелүү субъекттер жогоруда көрсөтүлгөн талаптарды, толук өз убагында аткаруусу кылмыштуулукту баштапкы алдын алуунун эффективдүүлүгүн жана артыкчылыктуулугун белгилейт.

**Адабияттар:**


1. Криминология. Учебник под редакцией В.Н. Кудрявцева и В.Е. Эминова. 3-е изд., перераб. и доп. - М., 2004. - С. 119.
2. Семенюк Р.А. Своевременная (ранняя) профилактика противоправного поведения несовершеннолетних как основа предупреждения преступности. / Журнал Вестник Томского государственнго университета. - Томск, 2013. - №369. - С. 114-118.
3. Павлова О.В. Ранняя профилактика преступности несовершеннолетних. / Журнал Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. - Краснодар, 2017. №2-2. - С. 32-34.


**Рецензент: к.ю.н., доцент Татенова М.Б.**